"Бекитемин"
Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунундиректору, академик А.Акматалиев
“11” 10 2021-жыл

**Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**
**№6 ПРОТОКОЛУНАН көчүрмө**

**Бишкек шаары** **11.10.2021**

**Катышкандар:** Институттун директору, академик А.Акматалиев; ф.и.к., Кыргыз адабияты бөлүмүнүн бөлүм башчысы Н.Ыйсаева; ф.и.д., Манас, акындар чыгармачылыгы бөлүмүнүн башчысы М.Көлбаева; ф.и.к., Кол жазмалар бөлүмүнүн башчысы А.Исаева; ф.и.д., жетектөөчү илимий кызматкер Г.Орозова; ф.и.д., жетектөөчү илимий кызматкер А.Кадырманбетова; ф.и.д., ж.и.к. Н.Нарынбаева, ф.и.д., ж.и.к. К.Койлубаев, ф.и.к., а.и.к. Р.Сырдыбаева; ф.и.к., доцент, а.и.к. М.Садыров; ф.и.к., институттун окумуштуу катчысы Айгүл Качкынбай кызы; ф.и.к., а.и.к. У.Жапаракунов; ф.и.к., а.и.к. Ж.Өмүралиева, ф.и.к., доцент, К.Карасаев ат. БМУнун журналистика факультетинин деканы - А.Асанова (БМУ), ф.и.к., Ж.Баласагын ат. КУУнун журналистика факультетинин доц. м.а. - Ж.Акматбекова; и.к. Ж.Келдибекова;

**Күн тартиби:**

3. Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кыргыз адабияты бөлүмүнүн аспиранты Капарова Чынаранын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазылган "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абал (КТРКнын мисалында)" деген темадагы кандидаттык диссертациясын талкуулоо;

Угулду:

**Отурумдун төрагасы, директор, академик А.Акматалиев:**

Бүгүнкү окумуштуулар кеңешинин үчүнчү маселеси - Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун аспиранты, Капарова Чынара Абдылдаевнанын "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы" (КТРК нын мисалында) деген темадагы 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясын талкуулоо. Биз Чынара Абдылдаевнаны белгилүү теле-журналист катары билебиз. Буга чейин бөлүмдүн талкуусунан өткөн чечими бар. (30-июнь, 2021). Талкууда сын-пикирлер айтылып, окумуштуулар кеңешине сунуш кылынган. Сөз, Чынара Абдылдаевнада!

**Чынар Капарова:** Саламатсыздарбы, урматтуу эже-агайлар! Менин диссертациямдын темасы "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык

программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абал" (КТРК нын мисалында) деген теманын алкагында изилдөөлөрдү жүргүзгөнгө аракет кылдым. Биринчи талкууда көптөгөн сын-пикирлер, баалуу кеңештер айтылып, диссертацияны кайрадан ондоп чыкканга чоң мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мен аларды ондоп чыкканга аракет кылдым, сиздердин айткан кеп-кеңештер диссертациянын туура нукка бурулганына өз жардамын берди. Азыркы талкууда кандай кеп-кеңештерди айтасыздар, аны убакыт көргөзөт болуш керек... Биринчи талкууда мен КТРКнын мисалында 1958-жылдан баштап алган экенмин, бул мага теманы изилдегенге да абдан оор болуп калган. Андан бери карай алганда абдан узак мезгил болуп калат экен, ошондуктан изилдөөдө оор болуп, сиздердин кеп-кеңешиниздерден улам кайра иштеп чыгып, хронометражды азайттык. Кийинки иштелген вариантымда кыргыз телевидениесинин эгемендүүлүк доордон тарта, бүгүнкү күнгө чейинки тарыхын алып караганда маалыматтык программаларды изилдегенге аракет кылдым. 1991-жылы мамлекеттик теле радио түзүлгөн. Эгемендүүлүктөн кийин Росиянын курамынан чыгып, өзүнчө көз-карандысыз мекеме болуп, материалдык-техникалык, каржылык, кадрдык өксүктөр болгон. Анткени советтик диктатурага, ошол мезгилдин алкагына көнгөн журналисттер жаңылануууга даяр эмес болчу. Бул учурда кадрдык саясатты дагы өзгөртүш керек болгон. Анткени 1992-жылы массалык-маалымат каражаттары боюнча мыйзам кабыл алынган. Ошол мыйзамдын алкагында цензура жоюлуп атат, башка бир мекеменин үстөмдүгү болбош керек деп жазылып жатат. Бирок аталган мыйзам кагаз жүзүндө эле калып, мекеменин башчылыгына ким келсе, ошонун саясатын жүргүзүү орун алды. Бул аралыкта эгемендүүлүктөн, 2010-жылга чейинки мезгилде КТРК "кара эшик" аталып калды. Мына ушулардын алкагында эмне үчүн андай аталып калды, эмнеге элге жек көрүндү болуп калды, кандай саясий буйрутмалар аткарылды? Кандай маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жүрдү? - деген суроолордун негизинде, биз биринчи параграфта 1991-жылдан 2010-жылга чейинки аралыкты изилдегенге аракет кылдык. Буга чейинки "кара эшик" аталган нерселерге чекит коюлуп, КТРК коомдук деген макамды алды. 2010-2014-жылга чейинки аралыкта коомдук деген макамды алып жүрүүтө аракеттер кылынды. Анткени революциядан кийинки Кыргызстандын оор абалы, коомдук-саясий кырдаалдар бул макамды алып жүрүүгө түрткү берди. КТРКнын жетекчилиги саясий кызмат, бул боюнча К.Оторбаев бул аралыкта келип, буга чейинки коомчулуктун КТРК га болгон жек көрүндү абалын жойгонго аракет кылды. Жетекчиликти да өкмөт саясий максаттар менен алат жана саясий максаттар менен жоёт. К.Оторбаев кеткен 2014-жылдан кийинки теле-көрсөтүүлөрдүн маалыматтык абалы баарыбызга теле-көрүүчү катары белгилүү болсо керек. Мурдагыдай эле, буйрутмалар, ак үйгө көз-карандылык, президенттин сөзүн сүйлөө ж.б. маселелер маалыматтык программаларда учурап жатты. Буларды да мисалдар менен келтирүүтө аракеттерди кылдым. Бул учурда 2-бөлүмдү "Коомдук телевидениенин маалыматтык берүүлөрүнүн өнүгүү этаптары"

деп алып, коомдук телевидениенин эл аралык стандарттары кандай болуш керек, эл аралык стандарт деген эмне? деген сыяктуу суроолордун алкагында мамлекеттик жана чет элдик телевидениелердин мисалында түшүндүрүп берүүгө аракет кылдым.

2010-2020-жылдарда мамлекеттик жетекчилердин алмашуусу менен маалыматтык берүүлөрдүн өнүгүү тенденциясы кандай нукта жүргөнүнүн изилдөөгө аракет кылдым. Маалыматтык программалар жетекчилердин көз-карашына, алардын үстөмдүгүнө байланыштуу өнүгүп жатканын натыйжалап берүүгө аракет кылдык.

Санариптик мезгил өнүгүп жатканда телевидение тармагы өзгөчө орунду ээледи. Анткени телевидениенин санариптик нуккка өтүүсү чоң маселе болду. Мында КТРК чындыгында эле алдыга жыла алды. Техникалык-материалдык базасын абдан чыңдады. Шайлоодон тапкан каржылык кирешелердин эсебинен техникалык базасы чыңалды. Анын найтыйжасында чоң-чоң алты канал ачылды, тематикалык ар түрдүүлүккө ээ болду. Ошону менен бирге кадрларды окутуу, өстүрүү милдеттери аткарылды. Бирок ошол эле учурда зал жаңырып, күчтүү материалдык-техникалык база чыңалганы менен контент маселеси чоң көйгөй боюнча кала берген. Артыкчылыктары менен бирге кемчиликтерин да көрсөткөнгө аракет кылдым.

Өткөн талкуунун жыйынтыгы менен мен 1968-жылдан бери карай алып, тарыхый обзордук матёриалдарга басым жасаптырмын. Сиздердин кеп-кеңештер менен маалыматтык жанрдын ар түрдүүлүгүнө, тематикалык, ж.б ар түрдүүлүктү баса белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Анткени хронологиялык мезгилдин кыскаруусу менен көлөм кыскарып, баарын камтууга болду.

3-бөлүмдү "Маалыматттык берүүнүн ыкмалары жана тематикалык өзгөчөлүктөрү" деп атап, анда КТРК анын ичинен өзгөчө Ала-Тоо 24 каналына арнадым. Анткени бул жерде маалыматтык жанрдын көп түрдүүлүгү байкалат. Бүгүнкү талкууда дагы сиздердин кеп-кеңештерди угуп, диссертацияны дагы терендеткенге, өзгөрткөнгө жана толуктаганга аракет кылам.

**Отурумдун төрагасы, академик А.Акматалиев:** Рахмат. Чынара Абдылдаевна. Эми суроолорго өтсөк. Кимде суроо бар?

**Илимий кызматкер Келдибекова Ж.:** Сиздин оюңузча азыркы ааламдашуу, санариптик доордо, маалымат алуунун оперативдүүлүгү күч алган мезгилде КТРК маалымат өндүрүүчү каражат катары маалыматтык программаларды кандай сапаттык деңгээлде берип жатат, мурункудай деңгээли сакталуубу, болсо канчалык деңгээлде деп ойлойсуз?

**Диссертант Ч.Капарова:** Азыр интернет күч алган мезгилде маалымат алмашуу күч алып турат. КТРК бул жагынан маалыматты жеткирүүдө алдыга озуп чыгуу үчүн бир топ аракет кылып келе жатат. Бул боюна атайын сайттарды иштеп чыккан. ТВ дан маалыматты тартып, монтаждоого көп убакыт керек, ошондуктан атайын өзүнүн сайты бар, маалыматтын

ыкчамдулугу ктрк кg сайтында ошол эле фейсбук, инстраграмм, ютуб тиркемелеринде иштеп жатат.

**Ф.и.д. Көлбаева М.:** Биринчи суроом, Ала-Тоо 24 башка дагы кайсыларды маалыматтык программалар дейбиз?

Экинчи суроом, Сиз КТРКнын мисалында маалыматтык жанрды этаптарга бөлүп атасыз, кайсы принциптин негизинде бөлдүңүз?

**Диссертант Ч.Капарова:** Ала-Тоо 24 маалыматтык канал болгону менен тематикалык ар түрдүүлүгү кеңири, анткени спорт каналында деле маалыматтык прогаммалар бар, ошол эле Баластан каналында да маалыматтык прораммалар чыгып атат. КТРК да Ой-ордо, ж.б. аналитикалык программалар да кездешет.

Өнүгүү тенденциясы боюнча саясий багытта алынды. Анткени журналистика менен саясат жакын болгондуктан, ушул принципте алынды.

**Ф.и.д. Орозова Г.:** Коомдук теле канал деп жатабыз, ошол канчалык деңгээлде коомдук болуп ракталат, же толугу менен мамлекеттин көзөмөлүндө турат?

**Диссертант Ч.Капарова:** Коомдук телеканал болгондо ал талапка жооп берген жобону окусак, КТРКнын мурунку, азыркы абалы буга жооп бербейт. Толугу менен мамлекеттин көзөмөлүндө. Ошондуктан мамлекеттик деген макамды берүү керек. Анткени КТРКда сөз эркиндиги чектелүү. Биринчиден, оң жагы мамлекеттин саясатын жеткирип, кандайдыр бир туруктуулукту сактоого керёк. Экинчиден, мамлекеттин көз-карашын чагылдыруу менен ал үстөмдүк кылып, маалымат бир тараптуу болуп калат. Ошондуктан макамын алмаштыруу менен бул жолдон чыкса болот деп эсептейм.

**Ф.и.к. Исаева А.:** На сколько сохраняются и выполняются международные стандарты журналистики?

**Диссертант Ч.Капарова:** Менин оюмча эл аралык стандарт сөз жүзүндө эле калды. Коомдук деген макамды алгандан кийин эл аралык уюмдар менен кызматташууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Чет элдик компаниялар менен иштешкенде бизге ыңгайлуулук жаралды. Бирок, ошол эле учурда финансылык колдоо берген мекемелер КТРКнын иш жүзүндөгү абалып көрүп, кызматташуу менен жыйынтыгы жок болгон учурда кээ бир уюмдар кызматташуудан баш тарткан учурларды көрдүк.

**Ф.и.к. Исаева А.:** На сколько этично, что ведущие новостных программ ведут себя эмоционально в некоторых случаях. Ведущие новостной программы должны быть нейтральными. Вы же знаете, практически эти этические нормы не саблюдаются, т.е. когда журналист читает новости ведут себя очень эмоционально.

**Диссертант Ч.Капарова:** Рахмат, абдан жакшы суроо. Бизде КТРКда диктор жана редактор деген эки түшүнүк бар. Диктор бул эмоцияга берилип, бирөөнү жаман көргөндөй, мүнөзүн көрсөтпөй, эмоциясын сактап, муздак көз-караштa маалыматты берүү керек. Бир дикторду чыгаруу үчүн бир-эки жылдык эмгек өтө аз. Беш жылдан он жылга чейинки аралыкта адам диктор

болуп калыптанат. Алып баруучу журналист - бул башка маселе. Мисалы, мен Бакиевди мактап келип, кайра Жапаровду мактасам журналисттик жоопкерчилик тартышым керек. Элдин алдында эки жүздүү адам катары көрүнүп калам. Ошон үчүн бул жерде журналисттин жеке адамдык, моралдык сапаттары дагы болуш керек. Экинчи жагы, КТРК мындай журналисттерге жол бергени да тескери көрүнүш.

**Ф.и.к. Сырдыбаева Р.:** Диссертацияны Коомдук каналдын мисалына берип жатасыз, андыктан рекламалык максатты көздөбөй, бийликтен каражат албай, эч кимге көз карандысыз, коомдук статусун сактап, кандай оокат кылып, каяктан каржылык таап, өзүнчө теле канал болуп кетсе болот?

**Диссертант Ч.Капарова:** Рахмат, коомдук теле канал өзүн каржылоосу үчүн, мен диссертацияда Би-би-синин, Американын, Япониянын каналдарды аркылуу мисал кылдым. Мисалы, Түркиянын ТРТ каналында көрүүчүлөр телефон, тв сатып алса да, канча бир бөлүгү коомдук каналга түшөт. Ошол сыяктуу ыкмаларды иштеп чыкса болот.

**Ф.и.к. Сырдыбаева Р.:** Анда ошондой ыкмалар болсо, диссертацияда ушул өңдүү сунуштамалар барбы?

**Диссертант Ч.Капарова:** 2-главада коомдук канал тууралуу, өзүмдүн пикиримди бергенге аракет кылдым. Коомдук канал кылганга биздин коомчулук даяр эмес. Ал үчүн убакыт керек.

**Директор, академик Акматалиев А.:** Менин суроом, 30 жылдан бери эле саясат менен маалымат бири-бирине жакын деп жатабыз, ошол эле белизгейт учуру боюнча. Мисалы, мына ушул Ала-Тоо 24 каналынан кеткен маалымат эртеси, туура эмес болуп ж.б. болгон учурда маалыматты ката кетиргени үчүн жоопкерчилик ала алабы, моралдык жагы уставда чагылдырылганбы?

**Диссертант Ч.Капарова:** Абдан кызыктуу суроо. КТРК да ошондой учур катталып, бирок ал жоопкерчилик жетекчиликтин эмес, журналисттин башына түшүп калган учур болгон. Бул өтө жаман көрүнүш. Бул маселе ачык бойдон калды. КТРК уставында жазылган, бирок ал иш жүзүндө аткарылбаган боюнча калды.

**Ага илимий кызматкер Эшматов Р.:** Маалыматтын ыкчамдуулугу күчөгөн мезгилде дүйнөлүк жаңылыктарды чагылдырууда, эмне үчүн КТРК дайыма эле артта калып калат?

**Диссертант Ч.Капарова:** Биринчиден, Өкмөткө болгон көз-карандылык, экинчиден кадрларга болгон муктаждык. Мыкты журналисттер мамлекеттик каналда иштегиси келбейт. Алар эркин журналист болгусу келет. Маянасы да жакшы төлөнөт. Ал эми КТРКда болсо баягы эле эски, адатка көнгөн эле журналисттер иштейт, аларды өзгөртүүгө болбойт.

**Ф.и.к. Өмүралиева Ж.:** КТРКга келген ар бир маалыматтын чын-төгүнү каралабы, же кандай келсе ошондой кете береби, коомчулукка?

Экинчи суроом, КТРКда дүйнөлүк прораммалардын сюжетин көчүрүп алып, чыгара беришет. Илимде бул - плагиат деп аталат. Сиздерде бул маселе кандай каралат?

**Диссертант Ч.Капарова:** Чын-төгүн деген дагы чоң маселе. Бул үчүн маалыматты бышыктап, мамлекеттик канал болсо Өкмөттүн көзүн карап калабыз, ал үчүн коомдук деген макамды алуу керек деп ойлойм, бирок буга азырынча биздин коомчулук даяр эмес. Чын-төгүнүн тактабай, маалыматты кетирип жиберген редакторлор бар.

Экинчи суроо боюнча, КТРКда программалар аз, контент аз. Ошондуктан башка программаларды которуп берип, программаларды толуктап, контентти толуктаганга аракет кылышат. Ошону менен бирге Кытай ж.б. кээ бир өлкөлөр маалыматтарды каналга бекер берет, ошолорду которуп берип, программаларды толтурушат.

**Директор академик, А.Акматалиев:** Жакшы суроо-жооптор болду. Эми талкууга кезек берели, биринчилерден болуп, журналистика боюнча адис, билим берүүгө эмгек сиңирген ишмер, журналистика боюнча өлкөдө алгачкы кандидаттыгын жактаган ф.и.к., Алтын Асановнага сөз берели:

**Ф.и.к. Асанова А.:** Чынара айым менен иштештик, кеп-кеңештерди айттык, мурункуга караганда жылыш бар. Журналистика адистиги боюнча башка мамлекеттер Казактан, Тажикстан алдыга кетти. Диссертациялык советтери да бар. Бизде ушул советти чуркап жанталашып ачтым. Буга колдоо көргөзүп, сунушумду кабыл алган академик Акматалиевге рахмат! Журналистик адистик боюнча кадидаттар аз, докторлор жокко эсе болуп, бул илим жаңыдан өнүгүп келе жаткандыктан, бул илимге жаңыдан киришип жаткан изилдөөчүлөрдү, биз албетте колдошубуз керек!

**Ф.и.к. Акматбекова Ж.:** Ч.Абдылдаевна, диссертацияңызды карап чыктым. Мурункудан ондоп түзөө кылыптырсыз. Бирок, диссертацияда менин жеке тажрыйбам деп тажрыйбага таянып жатасыз, илимий фактылар жок. Изилдөөдө мисалы, Ала-Тоо 24 каналынын мисалын алып жатасыз (2017), бирок НТСтин мисалы жок. 23-бетте, корутундуну өйдөрөөк жылдырсаңыз болобу? Анан акевдин доору, бакиевдин доору деген сөздөрдү башкача формада берсеңиз. Өлкөнүн башкаруу формасына карата илимий стилде бересизби!? Менде сунуштар ошол. Колдоого татыктуу!

**Ф.и.д. Орозова Г.:** Иштин сртуктурасы жана планы туура түзүлгөн. Теманын өзүнүн максатына ылайык параграфтарга бөлүнүп, ошонун алкагында проблеманы чечүүгө аракет кылган. Буга чейин тележурналистиканын тарыхын жазып жүрүшөт. Эгемендүүлүктөн кийинки телевидениенин изилдөөсү анализге алынып жатканда, негизги булак ушуга байланышкан. Ч.Абдылдаевна чынында, телевидениеде иштеген адис. Ошондуктан өзүнүн проблемасын жакшы түшүнөт. Суроолорго жооп бергенинен деле байкаса болот. Иштин бардык проблемаларын жакшы түшүнөт. Ал эми жазганга келгенде, диссертациялык иш, бул - илим да. Прктика жүзүнөн илимге айландырыш да чоң түйшүк. Ошого карабай, көптөгөн адабияттар менен таанышкан. Менин көз-карашымда жакшы, дурус жазылган иш. Албетте, азыр журналистикада азыраак илимий эмгектер жазылгандыктан, бизде тоериялык жактан жакшы өздөштүрүлүнө элек. Сенин диссертацияңда маалымат басымдуулук кылат, мунун дагы

(журналистиканын) теориясы болот да. Журналистиканын теориясына көбүрөөк көңүл бурсаң. Орусияда жазылган илимий эмгектердин мисалында, теориясын кара. Жалаң эле, баяндоочу катары жаза берсең, илим болбой калат. Кыргыз журналистикасынын илимий жактан жаңы башталышында бул жакшы көрүнүш деп эсептейм. Бул жаатта көбүрөөк илимий иштер жакталса, балким тажрыйба берээр. Бирок, илим жазып жаткандан кийин сөзсүз түрдө аракет кылыш керек. Теориялык билимге басым жасоо керек. Стилистикасы жакшы, баяндап, оюн айта алат. Корутундуну да дурус корутундулаган. Иш жакшы. Коргоого сунуш кылам, ийгилик болсун!

**Ф.и.д. Кадырманбетова, А.:** Ч.Абдылдаевнанын ишин биз буга чейин окуп, журналист адистер менен бирге талкуулаганбыз. Кызыл чеке болуп, катуу сындар айтылып, үч саатка жакын отурганбыз. Анда иш, чынында эле чала болчу, моюнга алыш керек. Алтын эже, ошондо эле айткан, Чынара кел мага, консултация берейин, - деп. Ошондон кийин иш, структуралык жактан кыйла жакшырыптыр. Бир топ иштегени көрүнүп турат. Мурунку талкууда мен айткам, баяндоо стили боюнча такыр жарабайт, практик журналист катары көргөн-билгенин билет, бирок илимий талдоо жактан көп кемчилик болуп жатат, - деп айткам. Чынында саясий багытка көбүрөөк ыктаган. Тематикалык ар түрдүүлүк боюнча мында бир аз материалдар бар, бирок негизги үстөмдүк саясий багытта болуп жатат. Ар бир параграфтардын аталышы, илимий өң-түскө келиптир, абдан жакшы, жоопкерилик менен иштептир. Аны моюнга алыш керек.

Диссертанттын кызыкчылыгы үчүн айтуучу нерсе, негизги жободо телевидениенин азыркы өнүгүү тенденциясы боюнча бир да сөз жок. Ал иштин негизги компасы да. Негизги жерлер айтылбай, кошумча бөлүктө айтылып кетиптир. Теле көрсөтүүнүн теориясы жана изилдөөнүн методологиясы бөлүмүндө илимий эмгектерге обзор бериптир. Экинчи параграфта мезгилдик чек коюлуптур. Тархы жазылыптыр, бирок типологиялык өзгөрүүлөрдү эч көрө албадым. Бирок тарыхта айтылбаса да, илимий негизде тастыкоо керек, анын себебин жок болсо да себебин аныктоо илимдин милдети болуп эсептелет. Ушул эле бөлүмдүн 53-бетинде Карыпбеков менен өзүңүздүн жеке таарынычыңыз болсо керек. Бирок анын жетекчи болгондогу Атамбаев менен болгон белизгей чуусу ага кызмат кылуу менен эсте калды, деп жазып жатасыз. Мен буга кошулам. Бирок андан башка деле жетекчилер кызмат кылып келбедиби? Атамбаевге эле кызмат кылып, Бакиевге кылбай койгон жери жок. Бул сөздү ким чыгарса да аны аныктап коюш керек. Тактап айтылбай, бир сүйлөм менен эле бүтүп калып жатат. Оюңузду бекемдеп, бышыктап коюуу керек. Типолоиялык өзгөрүүлөр деген бөлүмдүн жыйынтыгында "атамбаевдин доорунда кыргыз телевидениеси жеке менчик болуп калды", - деп жатасыз. Башка учурларда деле ошондой болбодубу? Балким, сизге ал киши жакпаганданбы, ошол президентке басым жасаптырсыз, аны да акыйкат берүү керек. Жээнбековдун учуру айтылбаптыр, ырас бир атасаңыз баарын камтуу керек, бир эле кишини "мокочо" кылуу болбойт. 3-бөлүмдүн тыянагында (160-бете), сүйлөмдө

ойдук так бербей, же ашыра берип койгон учурлар бар. Мисалы, маалыматтык кызмат саясий коммуникациянын функциясын ишке ашыруу менен коомдук теле көрсөтүү өнүгүүнүн саясий векторун түзөт, - дейт. Менин оюмча, эч убакта коомдук теле көрсөтүү өнүгүүнүн саясий векторун түзбөйт. Мамлекеттин саясий векторун; саясатчылар, коомдук ишмерлер, дүйнөлүк экономикалык саясий абал түзөт. Теле көрсөтүү түзбөйт, ал болгону маалыматты жеткирет. Коомдук пикир жаратат. Ушул сыктуу ойду туура эмес, же ашыкча берүү сиздин диссертацияда кездешип жатат. Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгү боюнча да жалпы маалымат кетиш керек деп ойлойм. Ушуларды эске алыңыз. Ийгилик каалайм! Коргоого сунуштайм!

**Директор, академик А.Акматалиев:** Мурункуга караганда, ирээтке келип калыптыр. Диссертациянын калыбына салыныптыр, көп материалдарды тапса болот. Бирок, кээ бир обзордук материалдар, хронологиялык баяндоорлор орун алып жатат, анализ жок. Эмне үчүн, кандай, эмне себептен? Коомдук каналдан кеткен маалыматтык берүүлөр, жеке менчик каналдарда мисал, 5-канал, НТС, НБТ кандай берилди? Алардын берген маалыматтарын салыштыруу жокко эсе болуп жатат. Чындыгындай, А.Күмөновнанын оюна кошулам, жетекчилердин, башчылардын ишмердүүлүгүнө бирдей кайрылуу керек. Калыс болуш керек. М; Матраимовго чейин кирип кеткен маалыматтар кездешип жатат. Азыркы кырдаалды эске алганда, мындай маалыматтарды берүүдө, талдоодо сак болсоң дейм. Мунун баарын иштеп чыкканга убакыт бар. Кайрадан карап, чыгып, сунуш-пикирди эске алсаң. Ийгилик каалайм! Зарыл иштерим чыкканына байланыштуу кийинкилерин А.Күмөновна алып баруусун суранам.

**Ф.и.к. Садыров М.:** Өзүңүз белгилегендей КТРКда алты тематикалык багыттагы канал бар: КТРК, Ала-тоо 24, КТРК Спорт, Маданият, КТРК Музыка, КТРК Баластан. Буларда кайсыларында маалымат болушу керек. Мисалы, Спорт каналында, Маданиятта, Музыкада деле жаңылыктар болуш керек. Күндө болбосо да, бир жума бир. Ошолор кандай жасалып жатат? Өз ишин мыкты билген, адистешкендей маалымат кетсе деп ойлойм. Баластанда деле балдар үчүн кандай жаңылык болсо, аларды өз тилиндей түшүнүктүү кылып редакторлор иштеп чыкса. Журналисттин кесиптик ишемердүүлүгүн, алардын иштөөдөгү артыкчылыктарын талдасаңыз деп ойлойм. Россиянын маалыматтык каналында ар бир программанын маалыматтык блогу бар. Балким, ошонун мисалында карайсызбы...

Диссертациянын биринчи бабында сизге чейин кандай илимий эмгектер жасалган, ошону ачпай жатасыз! Мага чейин мындай эмгектер жасалды, менин өзгөчөлүгүм мында деген сыяктуу актуалдуу маалымат кездешпей жатат. Ала-Тоо 24 каналынын мисалында алып жатасыз, аларды жеке менчик канал менен салыштырып, талдоо керек. Саясаттан такыр алыс болуңуз! Акаев, Бакиевдин дооруна кайрылсаңыз этиканы сактап, илимий аппаратты сактап гана кайрылыңыз. КТРК коомдук, мамлекеттик, улуттук

статустарды алганда кандай өзгөрдү, же баягы эле боюнча калдыбы деген маселелерди караңыз. Стилистикалык жактан публицистика менен илимий стилди айырмалап, экөөнү аралаштырбай бөлүп карасаңыз. Айтылган пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылууга болот!

**Ф.и.д. Көлбаева М.:** Саламатсыздарбы! Диссертация менин колума тийгенде эле КТРКнын мисалында деп бериптирсиз. Бирок ичиндеги маалыматтар 1991-жылдан бери башталды. Ошондуктан эгемендүүлүктөн кийинки деген сыяктуу түзөтүү кылбасаңыз, телевидение 1991-жылдан бери карай эле иштеп жаткандай тассир калтырып жатат. Жакшы саамалыктар көп, журналистиканын алгачкы карлыгачы катары, практик журналист катары караганда көп ийгиликтер бар. Бирок, сизди кандай максат кылган деп караганда, өнүгүү тенденция деп максат коюп жатасыз, аны ишке ашырууда бир канча милдеттерди белгилейсиз дагы ошол милдеттер так эмес. 1-2- бөлүмдө. Типологияны аныктайсызбы, же бөлөсүзбү масатыңызда жок. Ушундай мүчүлүштүктөрдөн корутунду да жакшы чыкпай калган. Коргоого коюлуучу жоболорду А.Күмөновна айтып берди. Туура эмес коюлган максаттан улам, милдеттер, жоболор корутунду баары бири-бирине байланышта экенин эсиңизге салайын. Диссертациялык ишти жазуунун үлгүсүн карап көрүңүз. Иштин обьектисине келсек, Ала-Тоо 24 каналынын мисалында алып жатасыз. Мындан улам КТРК өзүнчө, Ала-Тоо 24 өзүнчө милдет аткарып жатат. Буларды бирдейлештирип же башка жол менен бир схемага келтирсеңиз. Сиздеги берген маалымат боюнча каналды изилдөөдө КТРКнын жетекчилигинин келиши, кетиши менен жетекке алгансыз. Ошондой эле бизге келген президенттин саясатка келиши, саясаттан кетишин жетекке алгансыз. Сиз алардын принцибин кабыл албай, кайсы бир окумуштуунун пикирине таянсаңыз. Ошол принциби аягына чыкпай калгандарды улантып, принципти тарыхый негизде алсаңыз. Саясатка абдан көп басым жасапсыз. Теаматикалык ар түрдүүлүктү баса белгилеп, программалардын хронологиялык жайгашуусу канча процентте маалыматтык, маданий жаңылыктар эфирден кеткени тууралуу диаграмма, схема менен көрсөтпөсөңүз, сиздики толугу менен башынан-аягына чейин саясат басымдуу болуп жатат. Үчүнчүдөн, диссетациянын аягында цитаталар көп, сиздин оюнуз каякта? Карама-каршы пикирлер абдан көп. Чет элдик окумуштуулардын пикирин бересиз, бирок өзүңүздүн көз-карашыңыз, пикириңиз жок. Оюңуздун ырааттуулугун сактаңыз, сүйлөмдөрдүн курулушу боюнча жалпы жонунан сунуштасак болот. Корутундуну, коргоого коюлуучу жоболорду караңыз. Бардык кемчиликти эске алыңыз, жалпы жонунан сунуштасак болот. Ийгилик!

**Ф.и.к. Ыйсаева Н.:** Биз биринчи талкууда 3-4-саат талкуулаганбыз. Анда 2-главадан турчу, иштин структурасы абдан чаржайыт болчу. 1958-жылдан баштап алып алган. Эч кандай принцип жок эле, бүгүнкү күнгө чейинки чаташ маселелер толтура болчу, теориялык маселелер жокко эсе болуп баары эле жуурулушуп, чачырап кетиптир. Анан биз сунуш кылгандан кийин теориялык маселелерди биринчи главага алып келиптир. Биз койгон

дооматтар боюнча ишти карап чыкканга аракет кылган. Алтын Асановнадан консултация алып, жетекчи менен бирдикте жайында бир топ мээнет кылган. Ишти бир топ деңгээлге алып келишти. Менин айтайын дегеним, илимий иш жазып жүргөндөн кийин максат, милдети, жоболору так эмес. Ошондон улам корутунду да чаташ болуп, колго кармачудай так, даана болбой жатат. Өнүгүү тенденцияларды белгилөөдө хронологиялык тартип менен мамлекеттик статус, улуттук, коомдук, санариптештирүү доору деген этаптарга бөлүү керек. Тиги президент, келгенде, анан кеткенде дегенде илимий иштин мүнөзүнө жатпай калып жатат. Көп дооматтар ошондон улам кетип жатат. Агай айткандай, кийинкиге да таасири тийиши мүмкүн. Ошондуктан илимий стилдин негизинде жакшынай, деликатно жазып кетиш керек. Жалпысынан иштин негизи бар. Айтылган сунуш-пикирди эске алуу менен коргоого сунуш кылса болот!

**Ф.и.к., Жапаракунов У.:** Мен диссертацияны биринчи талкууда окуп чыккам, эми дагы окудум, жалпысынан жылыш жакшы. Кыскача байкаган кемчиликтерди айта кетсем, 8-бетте диссертацияда биринчиде булар, экинчиде булар деп санапсыз, мунун зарылдыгы жок деп эсептейм. Анткени мазмунда турат да. Ошондой эле 22-бетте журналистика саясаттын курамына кирет деп жазыпсыз. Менин оюма кирбейт. Анткени төртүнчү бийлик деп эсептелинет. 23-бетте президенттердин канча иштеген убатыларын санап жазыпсыз, мунун дагы зарылдыгы жок. 34-бетте дагы ушундай саноо кездешет. Бир эле бетте мунун доору, анын доору деп 6-7-жолу кайталанып жатат. Буларды кыскартып, же башкача мамлекеттин деңгээлинде атасаңыз туура болот. 46-бетте кимдер шайлоого катышканы, канча процент алганы деген сыяктуу маалыматтар дагы ашыкча. 76-бетте байкоочу кеңештин фамилиялары орунсуз кайталанган. Мунун баары ашыкча деп ойлойм. 85-бетте, Ой-ордо аналитикалык берүүлөр көбүрөөк орун алыптыр, маалыматтык берүүгө көбүрөөк ыктасаңыз. Бакыт Орунбековдун китебине көбүрөөк таяныпсыз. Ал жөнөкөй студенттерге арналган. Ошондуктан башка тоериялык жактан күчтүү адистин эмгектерин карооңузду сунуштайм. Анан маалыматтык жактан начар чыгып калган программалар кездешет, ошондой күчтүү программалар менен журналисттик этикага кирбеген, начар программаларды мисал кылып салыштырсаңыз жакшы болмок. Сунуш-пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылабыз, ийгилик каалайбыз!

**Ф.и.д. Кадырманбетова А.:** Айна Талгарбековна өзүнүн пикирин салып жибриптир, убакыттын тардыгына байланыштуу окубай эле коеюн. Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кыргыз адабияты бөлүмүнүн аспиранты Капарова Чынаранын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазылган "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абал (КТРКнын мисалында)" деген темадагы кандидаттык диссертациясын сунуш-пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылууга макулсуздарбы? Кол көтөрүп койсоңуздар, каршы. жок, ийгилик каалайбыз! Айтылган сын-пикирлерди эске алат деп ишенебиз!

**Диссертант Ч.Капарова:** Баарыңыздарга чоң рахмат. Өзгөчө Алтын Асановна көп убактысын бөлүп, абдан жардам берип, жакшы жолго койду. Диссертацияга убактыңыздарды бөлүп, көзүңүздөрдүн майын коротуп, текшерип, ушундай сын-пикир, кеп-кеңеш айтканыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдирем! Талкууда айтылган сунуштар, пикирлер албетте эске алынат! Рахмат!

**Ч.Айтматов ат. Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши Кун тартибиндеги маселени талкуулап**
**Токтом кылат:**

3.1. Диссертациялык иштин мазмунуна карата айтылган сунуш-пикирлер диссертант тарабынан эске алынсын.

3.2. Диссертант **Капарова Чынар Абдылдаевнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча** филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **"Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)"** деген темадагы диссертациясы Диссертациялык кеңешке сунушталсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төщгасы,**
**академик** **Акматалиев А.**

**Окумуштуулар кеңешинин**
**катчысы, ф.и.к.** **Качкынбай кызы А.**